Эмнелер, кимдер, парталар, окуучулар, отургучтар, китептер, балдар, кыздар.

5. LET'S TALK

Ex 6. Диалог түзгүлө.
Make up dialogues.

а) Сиз биринчи жолу мектепке келдиңиз. Кызматташтар менен саламдашып, таанышыңыз.

You are visiting your school at your site. Greet and get acquianted with your colleagues. Introduce yourself and ask them as many questions as you can.

б) Сен класска кирдиң, балдар менен саламдашып, окуулары жөнүндө сура.

You are in your classroom. Greet your students and ask them about their classes

ТЕМА: *ТААНЫШУУ.*
GETTING ACQUAINTED.

Төртүнчү сабак	Fourth lesson
4 (төрт)	4 (four)

YOU WILL LEARN :
- To introduce yourself;
- To introduce somebody.

GRAMMAR :
- Personal pronouns;
- Possessive pronouns (plural)

CONVERSATIONAL PRACTICE.



EXERCISE. Listen to and act out the dialogues.

а) - Саламатсыздарбы?
- Менин атым Майрам.
Мен мугалиммин.

б) - Сенин атың ким?
- Менин атым Жош.
- Сен кайдан келдиң?
- Мен Америкадан келдим.
- Сен мугалимсиңби?
- Жок, мен волонтермун.

в) - Бул ким?
- Бул менин досум.
- Ал окуучубу?
- Жок, ал волонтер.
- Анын аты ким?
- Анын аты Майкл.

г) - Сиз кайдан келдиңиз ?
- Мен Калифорниядан келдим.
- Сиздин атыңыз ким?
- Менин атым Патрик.
- Сиз канча жаштасыз?
Мен 47 жаштамын.

д) - Таанышып кой .
Бул менин досум. Аты Асан.
- Таанышканыма кубанычтуумун.
Менин атым Жим.

VOCABULARY

Сен мугалимсиңби?	– Are you a teacher?
Ал окуучубу?	– Is he (she) a student?
Таанышып кой	- Let me introduce you to my friend
Анын аты ..	- His name is ....
Таанышканыма кубанычтуумун	- Nice to meet you

1. PHONETIC DRILL.

1. **Read, repeat:**
   Н - качан, кайдан, мен, сен, кандай, анан, заман
   Ң - атаң, атың, чоң, келдиң, бардың, көрдүң, эң.

2. **Listen, read and practice**
   Н - мен-менин, ал-анын, Асан, волонтер, Джон, кант.
   Ң - мең, сүйлөңүз, келиңиз, туруңуз, барыңыз, калыңыз.

3. **Listen, repeat. Notice the articulation of К and Г.**

   К - ка-ко-ку-кү-кы-ки
   Г - га-го-гу-гү-гы-ги

   Кандай, кайда, кой, кул, кет,китеп,кут.
   Мага, сага, мугалим, агай, сызгыч, сегиз.

4. **Listen, repeat and practice.**
   - Таанышып кой(уңуз).
   - Бул менин досум.
   - Бул менин эжем.
   - Бул менин апам.
   - Бул менин атам.
   - Бул менин мугалимим.
   - Сен кайдан келдиң?
   - Мен Америкадан келдим.
   - Мен Канзастан келдим.
   - Мен Ютадан келдим.
   - Мен Нью-Йорктон келдим.
   - Мен Сиетлдан келдим.

2. GRAMMAR

The Kyrgyz Language has no grammatical gender. It does not distinguish between female and male or neuter forms. Depending on the context, the third person pronoun **"ал"** is translated as **"she/he/it"**

PERSONAL PRONOUNS

Person	Personal pronouns	Endings
1	Мен - I	-мын, -мин, -мун, -мүн
2	Сен - You	-сың, -сиң, -суң, -сүң
3	Сиз - You(polite)	-сыз, -сиз, -суз, -сиз
4	Ал - She/he	

EXAMPLE:

а)

Мен окуучумун, мугалиммин
Сен окуучусуң, мугалимсиң
Сиз окуучусуз, мугалимсиз
Ал окуучу , мугалим

б)

	good	*beautiful*
Мен	жакшы**мын**	сулуу**мун**
Сен	жакшы**сың**	сулуу**суң**
Сиз	жакшы**сыз**	сулуу**суз**
Ал	жакшы	сулуу

3.PRACTICE

Ex 1. Жок мүчөлөрдү тууралап койгула
Fill the appropriate personal ending.

Мен окуучу _____, Мен студент_____, Мен доктур_____,

Сен директор_____, Ал мугалим______, Сиз студент_____

Ал бийчи_____, Сен бийчи______, Сиз айдоочу______

Ex 2. Жактама атооч менен зат атоочту тууралап тапкыла.
Match the personal pronouns with the nouns.

Мен ырчысыз милиционер
Сен ырчымын
Сиз ырчысың
Ал ырчы



ырчы



милиционер



мугалим

Мен мугалиммин пахтачы_____ малчы_____
Сен мугалимсиң
Сиз мугалимсиз
Ал мугалим



малчы



пахтачы

4.GRAMMAR

To express the English pronouns **"my, your, his, her, its"** the Kyrgyz use possessive suffixes. Possessive suffixes are genitive case endings. Genitive case expresses possession/ownership.

Personal Pronoun + Genitive Case + NOUN + Personal ending

МЕН + НЫН

1 Менин ___м
2. Сенин + ___ң
3. Сиздин ___ңуз
4. Анын ___ы

МЕН - МЕНИН I - My	досум, кызым, балам
СЕН - СЕНИН You - Your	досуң, кызың, балаң
СИЗ - СИЗДИН You - Your (polite)	досуңуз, кызыңыз, балаңыз
АЛ - АНЫН he/she/it - his/her/it's	досу, кызы, баласы

5.PRACTICE

Ex 3. Төмөңкү сөздөрдүн аягына таандык мүчөлөрдү коюп, сүйлөм түзгүлө.
Make up sentences with these words. Supply the missing endings.

MODEL : Бул менин китеб___ - Бул менин китебим

Бул менин | сүрөт_____, комуз_____, китеп_____

Бул сенин | терезе____, мектеп_____, кыз_____

Бул сиздин | бала_____, сызгыч_____, бор_____

Бул | агай_____, эже_____, апа____, ата____

Ex 4. Төмөнкү ат атооч менен зат атоочторду таандык мүчөлөр боюнча тууралап койгула.
Match these possessive pronouns with nouns according to their personal possessive endings.

Сиздин	жигиттиң
Сенин	өлкөнүз
	досуңуз
	атаң

Ex 5: Төмөңкү диалогду бүтүрүп, ойногула
Complete and practice these dialogues.

а)

- __________ атыңыз ким?
- ____________ атым Канат.
- Канат _________ мугалимсизби?
- Ооба, ______ мугалим______?

б)

- Сенин ат____ ким?
- Менин ат____ Джон.
- Сенин досу____ барбы?
- Менин досу____ бар.
- Сенин үй______ кайда?
- Менин үй_____ Америкада.

LET'S TALK.

Ex 6. Диалог түзгүлө.
Make up dialogues.

a) Байкеңиз досун конокко чакырган. Өзү үйдө жок. Досу менен сүйлөшүңүз. Өзүңүздү тааныштырыңыз жана андан суроолорду сураңыз.
Your host brother invited his friend to home, but he himself had to leave. Speak with his friend, introduce yourself and ask him as many questions as you can.

b) Сиз эски досуңуздукуна жаңы досуңуз менен бардыңыз. Аны досторуңузга тааныштырыныз (Анын аты Анара, 20 жашта, ал Бишкектен).
You are visiting your old friends with a new friend. Introduce her to your friends (Her name is Anara, she is 20 years old from Bishkek)

c) Сизди мектепке же институтка кечеге чакырды. Кечээнин аты "Келгиле таанышалы". Сизди өзүңүз жөнүндө айтып берүүнү сурашты.
You are invited to a party at your school or institute. The theme of the party is "Let's get acquainted". You are asked to speak about yourself.

d) You are travelling to Osh. Introduce yourself to your neighbour, tell him/her where you are going, ask him/her questions about him/her.

e) You are a teacher from Colorado states in America. You are 28 years old, married, have two children. Your wife/husband is 30 years old, a doctor. Introduce yourself to someone and ask him/her questions about him/herself.

TEMA: *ТААНЫШУУ. КОШТОШУУ.*
GREETINGS. PARTINGS

Бешинчи сабак	Fifth lesson
5 (беш)	5 (five)



YOU WILL LEARN :

- To ask for and give personal informations;
- To introduce somebody.

GRAMMAR :

- Personal and possessive Pronounce (singular)

CONVERSATIONAL PRACTICE.



EXERCISE. Listen to and act out the dialogues.

а) - Силер кайдан келдинер?
- Биз Калифорниядан келдик.
- Силердин кесибинер эмне?
- Биздин кесибибиз мугалим.





б) - Салам Стив. Булар кимдер?
- Булар менин досторум.
- Алардын мугалими ким?
- Алардын мугалими Гулайым.

в) - Сиздердин атыңар ким?
- Менин атым Жош.
- Менин атым Патрик.
- Менин атым Марли.
- Сиздердин кесибиңер эмне?
- Мен мугаliммин.
- Мен бизнесменмин.
- Мен инженермин.
- Сиздер кайдан келдинер?
- Биз Америкадан келдик.



VOCABULARY

кесип	– occupation, profession
биздин кесибибиз	– our occupation
таанышып алгыла	– Let me introduce you to each other.
таанышканыма кубанычтуумун	– Nice to meet you

1. PHONETIC DRILL

1. Listen, repeat and practice.

ңер-ңар-ңор-ңор-нур-ңур
дер-дар-дор-дор-дур-дур

2. Listen, repeat, read and practice.

сип-сиб-биз-быз-буз-буз
мен-мең-сен-сиң-сын-суң
дик-дек-дык-дук-дүк-дак

кесип-кесибиңер
ат - атыңар
бул-булар-булардын-буларда

сиз- сиздер-сиздерде-сиздердин

2.GRAMMAR

PERSONAL PRONOUNS (plural)

PERSON	PERSONAL PRONOUN	PRONOUN ENDINGS
1	БИЗ - WE	-быз, -биз, -буз, -бүз
2	СИЛЕР - YOU	-сыңар, -сиңер, -суңар, -сүңөр
3	СИЗДЕР - YOU (polite)	-сыздар, -сиздер, -суздар, -сүздөр
4	АЛАР - THEY	plural endings

EXAMPLE :



БИЗ окуучулар+**быз**

СИЛЕР окуучулар+**сыңар**
СИЗДЕР окуучулар+**сыздар**





АЛАР окуучулар

3.PRACTICE

Ex 1. Чекиттерди жфк мүчөлөрү менен толтургула.
Supply the missing endings.

MODEL : БИЗ ВОЛОНТЕР______ - БИЗ ВОЛОНТЕРБУЗ

Биз окуучу______, Биз мугалим______, Силер ырчы_______

Алар мырза______, Силер тилчи______, Сиздер айдоочу_______

Биз доктор______, Алар инжинер______, Силер студент_______.

Ex 2. Сол жактагы жактама ат атоочторду оң жактагы сөздөр менен тууралап тапкыла.
Complete each sentence with an appropriate word from the right column.

БИЗ	ЫРЧЫСЫҢАР
СИЛЕР	ОКУУЧУЛАР
СИЗДЕР	АЙДООЧУЛАР
АЛАР	СТУДЕНТТЕРБИЗ
	СҮРӨТЧҮЛӨР
	ДОКТОРСУҢАР

Ex 3. Жактама ат атоочторду тууралап койгула.
Put in personal pronouns.

______ волонтерсуң ______ волонтерсуңар

______ окуучумун ______ окуучубуз

______ ырчы ______ ырчылар

______ мугалимсиз ______ мугалимсиздер

Ex 4. Төмөнкү жактама ат атоочторду колдонуп сүйлөм түзгүлө.
Make up sentences out if these personal pronouns.

Биз, мен, сиздер, алар, сиз, ал, силер, сиз, сен

4.GRAMMAR

POSSESSIVE PRONOUNS

Personal Pronoun + Genitive Case

БИЗ + ДИН

+ Noun (plur) + personal endings

Биз-Биз**дин** – досу+**буз**, кызы+**быз**,
We - Our бала+**быз**

Силер-Силер**дин** – досу+**ңар**,кызы+**ңар**,
You - Your бала+**ңар**

Сиздер-Сиздер**дин** - досу+**ңуздар**, кызы+**ңар**,
You (polite) - Your бала+**ңар**

Алар-Алар**дын** - дос**у**, кыз**ы**, балас**ы**
They - Their

5. PRACTICE

Ex 4. Төмөнкү сөздөрдү колдонуп
сүйлөм түзгүлө.
Make up sentences with these words.
Supply the missing endings

MODEL: БУЛ МЕНИН КИТЕБ_______. БУЛ МЕНИН КИТЕБ

Бул менин	сүрөт____, комуз_____, китеп______
Бул сенин	терезе_____, мектеп______, кыз______
Бул сиздин	бала______, сызгыч______, бор_______
Бул анын	агай_____, эже_______, апа_____, ата______

Ex 5. Жактама ат атоочтордун илик жөндөмөсүн колдонуп суроого жооп бергиле
Using possessive pronouns answer the questions.

MODEL: - Булар кимдин балдары?
- Булар **биздин** балдарыбыз.

Кыздарыңар, мугалими, досуңуздар, классы, өлкөбүз, парталары, мектеби, китептериңиздер, калеми, отургучум.

Ex 6: Берилген сөздөргө суроо берип төмөндөгү көрсөтүлгөндөй жооп бергиле.
Put questions to the following words and answer the questions in the way shown.

MODEL: - БУЛАР СИЛЕРДИН КИТЕБИҢИЗДЕРБИ?
- ООБА, БУЛАР БИЗДИН КИТЕБИБИЗ.
- ЖОК, БУЛАР БИЗДИН КИТЕБИБИЗ ЭМЕС.

Дептер, сумка, калем, үй, дос, мугалим,класс, мектеп.

Ex 7: Тексти окуп мүчөлөрдү туура жазгыла.
Read this text, put in the right endings.

МЕНИН ДОСТОРУМ.

Менин достор___ көп. Сережа - орус, Джон - америкалык, Талгат - казак, Эркинбек - кыргыз. Биз жакшы достор____. Биз студентер______. Биз бир класста окуйбуз. А сенин достор____ барбы?

Ex 8. Суроолорго жооп бергиле.
Answer the questions and practice.

- Сиздер кайдан келдиңер?
- Кесибиңер эмне?
- Канча жаштасыңар?
- Окуйсуңарбы же иштейсиңерби?

Ex 9. Диалогту бүтүрүп ойногула
Complete and practice the dialogue.

– ______________________________

– Менин досум Бишкекте жашайт.

– ______________________________

– Досум 25 жашта.

– ______________________________

– Ал студент. Ал англисче сүйлөйт.

LET'S TALK.

Ex 10: Диалог түзгүлө
Make up dialogues.

a) You are a foreigner, from France, 20 years old and a student. Introduce yourself to a Kyrgyz person and ask him/her questions about him/her-self.

a) You are a teacher from Colorado state in America. You are 28 years old. Introduce yourself to someone, ask him/her questions to get information about him/her-self.

a) Your students are from America. Introduce yourself to your students, telling them where you are from, and other information about yourself. Ask them questions to get information about them.

ТЕМА: *САЛАМДАШУУ. КОШТОШУУ.*
GREETINGS. PARTINGS.

Алтынчы сабак	Sixth lesson
6 (алты)	6 (six)

YOU WILL LEARN :

- To ask for and give personal information(merrital status);

GRAMMAR :
- Genetive Case #2;

CONVERSATIONAL PRACTICE.



EXERCISE. Listen to and act out the dialogues.

а)
- Кечиресиз, бул Талды-Суубу?
- Ооба. Сен кимсин?
- Мен волонтермун.
- Сен кайдан келдиң?
- Колорадодон келдим.

б)
- Сенин аялың барбы?
- Жок, мен бойдокмун.

в)
- Турмушка чыккансыңбы?
- Ооба, эки балам бар.

г)
- Анаранын күйөөсү барбы?
- Жок, ал турмушка чыга элек.

д)
- Жоштун досу барбы?
- Албетте бар.
- Ал дагы Америкадан келдиби?
- Жок, ал Бишкекте жашайт.


САЛАМ. МЕНИН АТЫМ ЖОНАТАН.
МЕНИН АТЫМ ЧОЛПОН.

Proverb
Эки тоо көрүшпөйт
Эки киши көрүшөт



1. PHONETIC DRILL

1. Listen, repeat and practice.

ка - кы - ко - ку
ке - ки - ко - ку
кат - кыш - кол - кул
кет - кит - көл - күл

га - гы - го - гу
ге - ги - го - гу
ган - гын - гон - гун
ген - гин - гөн - гүн

2. Listen, repeat and practice.

кара - кана - кыз - кур
керек - китеп - конок - күр

гана - сагыз - киного
сегиз - эмнеге - тоого - гүл

VOCABULARY

Сен кимсиң	- What are you?
Сенин аялың барбы?	- Are you married?
Турмушка чыккансыңбы?	- Are you married? (for females)
Үйлөнгөнсүңбү?	- Are you married? (for males
күйөө	- husband
аял	- wife
бойдокмун	- single
Албетте	- of course

2. GRAMMAR

Genitive Case #2

Кимдин? Whose?
Эмненин? Who does it belong to?

Genetive Case expresses possession/ownership/belonging.

After vowels + -нын, -нин, -нун, -нүн.
After voiced consonants + -дын, -дин, -дун, -дүн.
After voiceless consonants + -тын, -тин, -тун, -түн

EXAMPLE :

Бала+**нын**	кыз+**дын**	кат+**тын**	ата+м+**дын**
тоо+**нун**	Том+**дун**	топ+**тун**	короо+ң+**дун**
эне+**нин**	биз+**дин**	китеп+**тин**	ини+си+**нин**
төө+**нүн**	көз+**дүн**	өтүк+**түн**	үй+үң+**дүн**

3. PRACTICE

Ex 1. Окугула, которгула.
Read and translate.

- Кимдин сааты?
- Марлинин сааты.

- Кимдин комузу?
- Асандын комузу.

- Кимдин сумкасы?
- Баланын сумкасы.

- Эмненин эшиги?
- Мектептин эшиги.

- Кимдин атасы?
- Джондун атасы.

- Кимдин чачы?
- Айшанын чачы.

Ex 2. Кашанын ичин ачып сөздөрдү илик жөндөмөгө коюп таандык мүчөлөрдү туура коюп суроолорго жооп бергиле.
Remove the parentheses, put the words into genitive case using appropriate possessive personal endings. Answer the questions.

MODEL : Бул (кимдин)___ кызы____.
Бул Асандын кызы.

Бул (кимдин)____ бала____

Бул (кимдин)____ ат_____

Бул (кимдин)____ пардоо___

Бул (кимдин)____ парта_____

Ex 3. Сүрөттөргө илик жөндөмөнүн суроосун коюп ага жооп бергиле.
Ask and answer questions in the Genitive case.









Ex 4. Чекиттерди толтур, суроолорго жооп жазгыла.
Fill in the required endings and ask questions.

MODEL: - Бул кимдин атасы? Бул Асан_____ атасы.
- Бул Асандын атасы.

Китеп____ бети ачык. Кыз_____ жолдошу жакшы. Сүрөтчү____

эмгеги чоң. Үй_____ сүтү көп. Бала_____ калпагы кооз.

Аксакал____ комузу бар.

Ex 5. Модель боюнча суроолорго жооп бергиле.
Answer questions, according to the model.

MODEL: - Кимдин комузу?
- Баланын комузу.

Бул кимдин балдары?
Джейн кимдин кызы?
Кимдин үйү?
Кимдин достору?
Мэри кимдин эжеси?
Кимдин каты?

Ex 6. Илик жөндөмөнүн мүчөсүн койгула.
Fill in genitive case endings.

1. Мектеп_____ (эмненин?) короосу чоң.
2. Айша_____ (кимдин?) достору жаңы.
3. Зал_____ (эмненин?) терезеси чоң.

4. Китеп____ (эмненин?) сүрөтү кооз.

5. Самат_____ (кимдин?) китеби таза.

6. Бул мен____ (кимдин?) класс____.

7. Бул сен____ (кимдин?) ата____.

Ex 7. Диалогду окуп аны ойногула.
Read and practice the dialogue.

- Бул сенин үйүңбү?	- Жок, менин үйүм эмес.
- Сенин үйүң кайда?	- Менин үйүм мектептин жанында.
- А бул кимдин үйү?	- Бул Үсөндүн үйү.
- Бул Үсөндүн эжесиби?	- Ооба, ал Үсөндун эжеси.
- Анын аты ким?	- Анын аты Айша.

Ex 8. Тексти туура окуп илик жөндөмөсүнүн мүчөсүн тапкыла.
Read the text and identify the genetive case endings.

Биздин мектеп.

Үсөн мектептин сүрөтүн тартты.

- Биздин мектеп, - деди ал. Мектептин терезеси чоң, мектеп мейманкананын жанында. Мектептин короосунда көп алма бак өсөт. Ал алма бактарды окуучулар карашат, дайыма суу куйуп багышат. Алар азыр каникулда эс алып жатышат.

Ex 9. Суроо боюнча текстен жооп бергиле.
Answer the questions.

1. Үсөн эмненин сүрөтүн тартты?
2. Ал мектеп кайсы жерде?
3. Мектептин короосунда эмне өсөт?
4. Азыр балдар кайсы жерде эс алышат?

Ex 10. Макалды окугула жана англисче түрүн тапкыла.
Read the proverbs and find the English equivalent.

Жалкоонун оозу кыймылдайт,
Эмгекчилдин колу кыймылдайт.

Ex 11. Төмөнкү диалогдорду бүтүрүп ойногула.
Complete and practice these dialogues.

а) - Кечиресиз, бул Кант шаарыбы?

- ______________________________

б) - Сен үйлөнгөнсүнбү?

- _______________________

в) - Ал турмушка чыкканбы?

- Жок, ______________________

LET'S TALK

Ex 12. Диалог түзгүлө
Make up dialogues.

a) You are Marat/Gulnara. You are married and have two children: a son and a daughter. Your son is 4, your daughter is 8, and your wife/husband is 30. Introduce yourself to someone, tell him/her everything about yourself. Ask thos person questions about him/her-self.

b) You are Asan. You are a teacher, 25 years old, not married. You are receiving a PCV. Tell him/her about yourself and learn as much as you can about this PCV

c) You are visiting your od friends with a new friend. Introduce her to your friends (her name is Ainura, she is 20 years old, she isn't married. Ainura is from Bishkek, and she has 2 brothers and 1 sister)

Жетинчи сабак	Seventh lesson
7 (жети)	7 (seven)



YOU WILL LEARN :

- To make polite requests;
- To express gratitude;
- To express lack of understanding and to clarify something;

GRAMMAR :

1. Verb Imperative Mood;
2. Plural form of Verbs;
3. Negative Participle **"-ба";**
4. Participle **"-чы"** instead of "**please**";

CONVERSATIONAL PRACTICE.

EXERCISE. Listen to and act out the dialogues.

а) - Кечиресиз, бул кыргызча кандай?
- Бул кыргызча "Сын алгы".
- Кайталап коюңузчу.
- "Сын алгы".

б) - Көргөзүңүзчү ал китеппи?
- Жок, бул китеп эмес, бул дептер.

в) - Айтыңызчы, сиз эмне сабак окубайсыз?
- Мен кечээ түшүнбөй калдым.

г) - Сиз мага жооп бериңизчи.
- Мен бүгүн даяр эмесмин.

д) - Эшикти жапчы, угулбай жатат.

ж) - Терезени аччы, ысып кетти.

з) - Айтыңызчы, бүгүн канча сабак болот?
- Бүгүн үч сабак болот.



Китепти окучу



Карачы, бул менин досум



Жазчы

VOCABULARY

Кечиресиз	- Excuse me
Кайталап коюңузчу	- Repeat, please
Айтыңызчы	- Tell me, please
кечээ	- yesterday
түшүнбөй калдым	- I don't understand
Жооп бериңиз	- Answer, please
Даяр эмесмин	- I am not ready
көргөз	- show
айт	- tell
бер	- give
жап	- close
ач	- open
ук	- listen
бол	- be

PROVERB

Сыйга сый
сыр аякка бал.

1. PHONETIC DRILL

1. Listen, repeat, read and practice.

ныз - нуз - низ - ңүз	ба - бы - бу - бү
гыла - гула - гиле - гүлө	па - пы - пу - пү
кыла - кула - киле - күлө	бо - бо - бе - би

2. Listen, repeat, read and practice.

кара - кой - кул - күл
кыш - отур - тур - акырын - жаз - сүйлө - оку
кайтала - ук - кара - кана - кайра
ач - жап, ал - бер, отур - тур, кет - кел



2.GRAMMAR

The Kyrgyz infinitive is the English imperative form of a verb.

Example:

СҮЙЛӨ - SPEAK
ОКУ - READ
БЕР - GIVE
КЕТ - LEAVE
ЖАТ - LIE
ЧЫК - GO OUT
СУРА - ASK

3. PRACTICE

Ex 1. Окугула жана которгула.
Read and translate.

Асан китепти оку. Доскага кел. Ордуңа отур. Айша, китепти Асанга бер. Доскага чык. Борду ал. Сүйлөм түз. Суроого жооп бер.

Ex 2. Этиштерди сылык түргө айланткыла.
Add the polite form endings to the following verbs.
MODEL: сура - сураңыз

кел -
ал -
бар -
бер -
кой -

тааныш -
сүйлө -
айт -
кара -
иште -

көр -
өт -
отур -
жаз -
шаш -

NEGATION "-ба"



will give a negation form of a verb

The negation of a verb is formed by adding the negative suffix **-ба** to the verb stem

-БА	-БЕ	-БО	-БӨ
барба	бербе	ойнобо	сүйлөбө
окуба	бийлебе	которбо	көрбө
уктаба	кирбе	жоголбо	төлөбө

-ПА	-ПЕ	-ПО	-ПӨ
айтпа	кетпе	жоготпо	үйрөтпө
качпа	ичпе	тоспо	көрсөтпө
учпа	чекпе	сокпо	төкпө

Ex 3. Оку жана котор
Read and translate.

Мектепке барба	**Don't** go to school
Мага китеп бербе	**Don't** give me a book
Класста ойнобо	**Don't** play in the classroom
Суу ичпе	**Don't** drink water
Тамеки чекпе	**Don't** smoke
Мен суу ичпейм	I **don't** drink water
Мен нан жебейм	I **don't** eat bread

Ex 4. Этиштердин терс түрүн тапкыла.
Write the negative form of the verbs.

MODEL : Жаз__ - жазба

Отур___, чык____, ич_____, кел____, кет_____, ойно_____,

сүйлө___, токто____, чурка_____, айт_____, же______

ал_____.

Ex 5. Этиштердин сылык жана терс формасын жазгыла.
Put in the polite and negative form.



MODEL: Шаарга бар_____.
Шаарга барчы.(polite)
Шаарга барба. (negative)

Автобуска отур______

Көчөдөн бас_________

Шаарды көр__________

THE PLURAL ENDINGS OF IMPERATIVE FORM OF VERB.

The plural form of a verb is formed by adding suffixes:

STEM OF VERB +

-гыла, -гула,
-гиле, -гуло

-кыла, -кула,
-киле, -куло

EXAMPLE:
бар+**гыла** - go
кел+**гиле** - come
ал+**гыла** – take
сура+**гыла** - ask

Ex 6. Буйрук этиштин көптүк формасынын мүчөсүнүн астын сызгыла.
Underline the plural endings.

Балдар досканы карагыла. Тынч отургула. Көчүргүлө! Жазгыла! Суроо койгула. Маселени чыгаргыла. Жооп бергиле. Бийлегиле. Иштегиле. Күткүлө.

Ex 7. Сүйлөмдү этиштин көптүк формасынын мүчөлөрү менен бүтүргүлө
Complete the sentences supplying plural endings of verbs.

MODEL: Окуучулар, китепти оку_____.
Окуучулар, китепти окугула.

Балдар, мектепке кел_______. Парталарга тынч отур_________

Тексти оку_______.Сабакты жаз_______. Сүйлөмдү түз_________

Мугалимди ук_________.Көнүгүүнү көчүр_____.

NEGATION FORM OF VERBS.

VERB + БА / ПА + plural endings of verbs

Ex 8. Берилген этиштерге буйрук этиштин көптүк формасынын мүчөсүн койгула.
Complete these verbs with the correct plural endings.

барба___
окуба____
уктаба____

ойнобо___
которбо_____
жоголбо_____

бербе____
бийлебе____
кирбе____

сүйлөбө____
көрбө___
төлөбө____

айтпа____
качпа____
учпа_____

жоготпо_____
тоспо_____
сөкпө____

кетпе______
ичпе_____
чекпе_____

үйрөтпө_____
көрсөтпө____
төкпө _____

In kyrgyz language we do not have a special word for "please". It is express with the help of endings:

STEM OF VERB + **-чы, -чу, -чи, -чү**

EXAMPLE:

сура+**чы** отур+**чу** кел+**чи** сүйлө+**чү**
айт+**чы** ук+**чу** бер+**чи** коргөз+**чү**
караңыз+**чы** окуңуз+**чу** иштеңиз+**чи** көчүрүңүз+**чү**
жазыңыз+**чы** ойлонуңуз+**чу** бериңиз+**чи** түзүңүз+**чү**

Ex 9. Окугула, которгула жана сураныч мүчөлөрдүн астын сызгыла.
Read, translate and underline the polite request endings.

Кайталап коюңузчу, көргөзүңүзчү, айтыңызчы, бериңизчи, эшикти жапчы, терезени аччы, жардам бериңизчи, укчу, сүйлөчү.

Ex 10. Сөздөрдүн мүчөлөрүн толуктап жазгыла.
Put in **-чы**



танда___



ал___



толо___

Ex 11. Туура окугула.
Read correct.

мен

Мумкун болсо
- терезени ачайынчы
- бор алып келейинчи
- класска кирейинчи
- эшикти жабайынчы
- партага отурайынчы
- китепти карайынчы
- калемди алайынчы

сен

Мумкун болсо
- терезени аччы
- бор берчи
- класска кирчи
- эшикти жапчы
- партага отурчу
- китепти карачы
- калемди алчы

Ex 12. Диалогду бүтүргүлө жана ойногула.
Complete and practice the dialogue.

- Кечиресиз, бул кыргызча кандай?
- Бул кыргызча “отургуч”.
- ______________________________
- “отургуч”.



– ______________, бүгүн канча сабак?
– Бүгүн 4 сабак.

– Асан, сен _________________?
– Бүгүн мен даяр эмесмин.

LET'S TALK

Ex 13. Диалогду бүтүргүлө жана ойногула.
Complete and practice the dialogue.

a) Сен сүйлөмдү түшүнбөй калдың. Мугалимден айтканын кайталоону өтүн.
You don't understand a sentence. Ask your teacher to repeat the sentence.

b) Класс ысып кетти. Досуңдан терезени ачууну өтүн.
It is hot in the classroom. Ask your friend to open the window.

c) Сиз мугалимсиз. Тапшырманы Асандан сураңыз.
You are a teacher. Ask Asan for his homework.

SELF LEARNING. (to lesson 7)

Ex 3. Сүрөт боюнча суроолорго жооп бергиле.
Answer the questions.



- Бул эмне?- Бул



- Бул эмне? - Бул



- Бул эмне?- Бул

- Бул ким? - Бул



- Бул ким?- Бул



- Бул ким? - Бул



Ex 4. **Ким? Эмне? -** деген суроолорго сөздөрдү бөлгүлө.
Divide these words into **Who? & What?** groups.

MODEL: **Эмне?** - Сабак. **Ким?** - Окуучу.

Мугалим, кыз, бала, сабак, үй, мектеп, парта, терезе, үй, мышык, ит, бор, доска, китеп, дептер, калем, окуучу.

Ex 5. Сөздөргө көптүк мүчөлөрдү улагыла.
Fill in plural endings -лар

MODEL: Жол - жол**дор,** алма - алма**лар.**

Класс____, терезе_____, эшик_____, шаар_____, окуу_____,
кол______, сызгыч______, карандаш_______, китеп_______,
глобус______, карта_______, указка________, стол_______,
сабак_______, журнал_______, газета_______, окуучу________,
мугалим_______,

Ex 6. Сүрөт боюнча диалог түзгүлө.
Make up dialogues.

a) Greet your friend.

b) Introduce your groupmates.

Ex 7. Сүрөт боюнча диалог түзгүлө.
Make up dialogues



Досунду мугалимиң
менен тааныштыр
Introduce your friend
to your teacher



Китепканачы менен
саламдаш, тааныш
анан китеп сура.
Get acquainted with
a librarian and ask for
a book.



Класстагы окуучулар
менен саламдаш жана
өзүндү тааныштыр.
Greet these students and
introduce yourself.

Ex 8. Сүйлөмдү бүтүрүп жалпы суроо бергиле.
Complete these sentences and ask general questions.

MODEL: Класста парта_____ турат
Класста парталар турабы?

Дубалда карта_____ илинип турат. Көчө______ таза жана кенен.

Устолдо китеп______, дептер_____ жатат. Бул үй______ бийик. Окуучу____

жаңы мектепте окушат. Мугалим______ конференцияга келишти.

Волонтер_____ Америкадан келишет.

Ex 9. Диалогду таандык мүчөлөр коюп бүтүргүлө.
Complete the dialogue by adding the appropriate word endings.

MODEL:		
	- Бул кимдин досу?	- Бул кимдин досу?
	- Бул менин досу__.	- Бул менин досум.

- Сенин атың ким?
- Менин ат____ Марат.
- Сенин үй_____ кайда?
- Менин үй_____ Бишкекте.
- Үй_____ номери канча?
- Үй______ номери жетимиш.
- Сенин досу___ барбы?
- Ооба, бар.
- Анын ат___ ким?
- Анын ат___ Жим.

Ex 10. Суроолорго жооп бергиле.
Answer the questions.

MODEL: Бул /кимдин?/ үйү?
Бул Асандын үйү.

- Бул /кимдин?/ китеби?
- Бул /кимдин?/ досу?
- Бул /кимдин?/ курбусу?
- Бул /кимдин?/ мугалими?
- Бул /кимдин?/ мектеби?

Ex 11. Таандык мүчөлөрдү улагыла.
Add possessive personal endings.

Менин -
мугалим + ______
мектеп + ______
класс + ______
калем + ______
дос + ______
парта + ______

Ex 12. Таандык ат атоочторго берилген сөздөрдү туура койгула.
Match these possessive pronouns with the nouns according to their personal possessive endings.

Сенин	тобум
анын	мышыктың
менин	докторуңуз
сиздин	итибиз
биздин	мугалими
алардын	окуучулары
сиздердин	боруңар
силердин	үйүңүздөр

Ex 13. Диалогду уланткыла.
Complete the dialogue.

MODEL: - Бул ким? - Бул менин досум.
- Досуңдун аты ким? - Досумдун аты Жим.

-

-

-

-

Ex 14. Диалогду улантып, бирөө менен таанышкыла.
Complete the dialogue.

- Саламатсызбы! - Саламатчылык!

- -

- -

- -

- -

Ex 15. Текстти окуп, суроо бергиле жана суроолорго жооп бергиле.
Read the text, ask questions and answer them.

а) Менин туулган жерим.

Менин туулган жерим Кыргызстан. Кыргызстандын борбору Бишкек.

Кыргызстандын тоолору бийик, абасы таза, суулары тунук, элдери кең пейил.

Кыргызстандын белгилүү жазуучулары Ч. Айтматов, Т. Молдо, К. Тыныстанов, бийчилери Б. Бейшеналиева, А. Токомбаева, композитору А. Малдыбаев, сүрөтчүлөрү С. Чокморов, А. Чуйков.

б)

Англис тили - эне тилим
Орус тилин билемин
Эми болсо кыргызча
Үйрөнсөм деп жүрөмүн.

Кыргыз
тили
1

Ex 16. Текстти окуп, суроо бергиле.
Read the text and ask questions.

а) Менин досторум.

Менин досторум көп. Джон - Америкадан, Талгат - казак, Рашид - өзбек, Фридрих - немис, мен кыргызмын. Биз баарыбыз доспуз, чогуу окуйбуз, иштейбиз.

Джон - волонтер, ал үйлөнгөн. Талгат - доктур, ал бойдок. Рашид - мугалим, ал үйлөнө элек. Фридрих - ырчы, сүрөтчү жана айдоочу. Ал дагы бойдок. Мен тилчимин. Менин үй-бүлөм бар. Мен 25 жаштамын. Биз Кыргызстанда жашайбыз.

Ex 17. Бул сөздөрдү жаттап алгыла.
Memorize these expressions.

Саламдашуу.
Greetings.

Салам! - Hi!
Саламатсызбы! - Hi

- Саламатчылык!	- Good morning (afternoon,
- Саламатсыздарбы!	- evening)
- Кандай?	- How do you do?
- Кандайсыз?	- How do you do? (polite)
- Жакшы, рахмат.	- Fine, thanks.
- Кудайга шүгүр.	- Not bad.

Таанышуу.
Getting acquainted

- Таанышып алалы. Менин атым ..	- Let's acquainted. My name ...
- Таанышып кой. Бул	- Let me introduce myself ...
- Таанышканыма кубанычтуумун.	- I am glad to meet you.
- Биз таанышпыз.	- We have met each other (we are familiar)

Коштошуу
Farewells

- Саламатта болуңуз!	- Good bye!
- Саламатта калыңыз!	- Good bye!
- Жакшы кал.	- Bye!
- Көрүшкөнчө.	- See you again!
- Келип туруңуз.	- Welcome!
- Телефон чалып туруңуз.	- Call me!
- Түнүңүз бейкут болсун.	- Good night.

Кечирим сурануу.
Apologies.

- Кечирип коюңуз!	- I am sorry!
- Айып менде!	- That was my fault!
- Кечиресиз!	- Excuse me!
- Ачууланбаңыз!	- Please, don't be angry!
- Капа болбоңуз!	- Please, don't get upset!
- Таарынбаңыз!	- Don't be offended!

Өтүнүү.
Requests.

- Сизден өтүнөм!	- Could you do me a favor!
- Кечиресиз сөзүңүзгө аралжы!	- I am sorry to interrupt you!
- Жардам берип коюнузчу!	- Help me, please!
- Кайталап коюнузчу!	- Repeat it, please!
- Кирүүгө мүмкүнбү!	- May I come in?

Ex 18. Табышмактарды тапкыла.
Solve the riddles.



1. Тий, тий десе тийбейт,
Тийбе, тийбе десе тийет.



2. Сол жагы кара, оң жагы кара,
Ичинин бары бала, баштары кара.

3. Тоодон топ түштү
- буту, колу жок түштү.

Ex 19. Кашанын ичиндеги сөздөрдү туура таап койгула.
Use the words in the brackets to make sentences.



Адамдын эки шам чырагы _______.

Жанды эриткен жана кейиткен ____________.



Кыркалекей тизилген _____________.

Адамды адам кылган эмгек менен ________.

Эки бир тууган: бири - оң, бири - _________.



Жарыша иштеп, жанаша жүргөн ал ________.

/көз, сөз, тиш, иш, сол, кол/

Ex 20. Кроссворддорду чечкиле.

А	К	А	К	
С	А	Л	А	М
А	Н	А	Р	А
Н	Д	Р	Ы	М
Ж	А	К	Ш	Ы
Ы	Й	С	У	Р

К				?			
Э					?		
К						?	
Э							?

Ex 21. Жаңылмачтарды жаттагыла.
Memorise the tonque-twisters.

а) Кара карга каркылдайт
Кара качыр аңкылдайт.

б) Көзү бүтүк
Үч күчүк үшүп
Үч күчүк үшүп
Үнү бүтүп.

Кыргыз элинин байлыгынан



**1. Макалдарды окуп англис тилине которгула.
Макалдарды англисче бергиле.
Read these proverbs, translate them into English and give the English equivalent.**



Эки тоо көрүшпөйт,
эки киши көрүшөт.

Тил менин тууганым,
Тил менин душманым.

Тил ойдун сандыгы.

"Сиз" деген сылык сөз,
"Сен" деген сенек сөз.

Тил элдин жаны.

Ex 23. Төмөнкү формаларды толтургула.
Fill in this form.

Өз атыңды, фамилияңды жаз!

Менин атым		
Менин фамилиям		
Менин адресим		N

Ex 24. Бул жерге өз үй-бүлөңдүн сүрөтүн чапта.
Асты жакка аттарын жаз. Өз сүрөтүңдү унутпа.

ТЕМА: *ҮЙ-БҮЛӨ.* *FAMILY*

Сегизинчи сабак	Eighth lesson
8 (сегиз)	8 (eight)



YOU WILL LEARN :

- To identify family members;
- To describe a family;

GRAMMAR :

- Wordbuilding suffix **-чы**;
- Negative participle **-эмес**;
- Genetive Case (review);

CONVERSATIONAL PRACTICE.



EXERCISE. Listen to and act out the dialogues.

- Менин үй-бүлөм: чоң атам, чоң энем, атам,
  апам, карындашым жана мен.
- Оо, сенин үй-бүлөң абдан чоң экен.
- Ооба, менин үй-бүлөм чоң жана ынтымактуу.
- Сенин чоң атаң, чоң апаң иштейби?
- Жок алар иштебейт, алар **пенсияда**.
- Атаң, апаңчы?
- Атам - **кызматчы**, апам - **дүкөнчү**.
- Байкең, эжең иштейби же окуйбу?
- Байкем - **айдоочу**, эжем - **тигүүчү**,
  карындашым - окуучу.



- Айша, сенин үй-бүлөң канча кишиден турат?
- Менин үй-бүлөм чоң эмес. Атам, апам жана мен.
  Атам - **жазуучу**, апам - **ырчы**.

PROVERB
Карысы бардын
ырысы бар





VOCABULARY

жазуучу	- writer
ырчы	- singer
ынтымактуу	- friendly
пенсия	- pension/retirement/
пенсияда	- smb. on a pension
тигүүчү	- seamstress.
айдоочу	- driver
кызматчы	- office worker



1. PHONETIC DRILL

1. Listen, repeat and practice.

үй - уй
күй - куй
күү - куу
күл - кул

аары - аара
уул - улуу
сулуу - суулу - сулу
күлүү - күүлү - куулу

2. Listen, practice and memorize.

чоң ата - чоң апа	байке - жеңе
тайата - тайэне	эже - жезде
тайэже - тайаке	сиңди - ини
күйө - аял	кыз - бала
карындаш - балдыз	кайната - кайнэне

2. GRAMMAR

	The ending **-чы** can be added to a noun and a verb to make a noun. It means “the person who does”
Noun person pron + **чы**	Noun + **чы**
Апаң + чы? What about your mother?	Жумуш + **чу**
Асан + чы? What about Asan?	Дукөн + **чу**
Сен + чи? What about you?	Окуу + **чу**

- Сенин эжең иштейби?
- Ал окуучу.
- Байкеңчи?
- Байкем окуучу эмес, ал айдоочу.
- Сен бүгүн мектепке барасынбы?
- Ооба, барам.
- Асанчы?
- Ал барбайт.



3. PRACTICE

Ex 1. Уккула, кайталагыла, жаттагыла.
Listen, repeat and memorize



ашпозчу



ырчы



айдоочу



комузчу



окуучу



жумушчу

Ex 2. Сүйлөмдөргө суроо койгула.
Make up questions for this sentences.

MODEL: Айдоочу эмне кылат?
Айдоочу машина айдайт.

Айдоочу (машина, такси, автобус) айдайт.
Окуучу (сабак, китеп) окуйт.
Ашпозчу (тамак) даярдайт/бышырат.
Ырчы (ыр) ырдайт.
Бийчи (бий) бийлейт.
Жазуучу (китеп, ыр, аңгеме) жазат.
Сатуучу (ар нерселерди) сатат.
Жумушчу (жумуш) иштейт.
Студент (сабак, китеп) окуйт.



Ex 3. Сөздөрдүн мүчөлөрүн туура жазгыла.
Put the suffix in the box.

КУРУУ
ОКУУ
ЖАЗУУ
КАРООЛ
____

КОМБАЙН
КИТЕПКАНА
ЖЫЛКЫ
БАРАБАН
____

КӨРҮҮ
ТИГҮҮ
ӨТҮК
СҮРӨТ
____

КЛАСС ЖЕТЕК
МЕРГЕН
ЭМГЕК
____

Ex 4. Кашанын ичиндеги сөздөрдү колдонуп суроолорго жооп бергиле.
Using the words in the brackets answer the questions.

ТИГҮҮЧҮ
АЙДООЧУ
САТУУЧУ
КАРООЛЧУ
ЫРЧЫ
БИЙЧИ
ЖАЗУУЧУ

КАЙДА ИШТЕЙТ?

Балет -ballet

Кароолчу - night watch man

/фабрика, автобекет, дүкөн, завод, театр, балет/

Ex 5. Берилген этиштер менен модель боюнча иштегиле.
Using the following verbs make up sentences.

MODEL : - Мен окуймун, сенчи? - I study. And what about you?
- Мен иштейм. - I work.

/ырда, бийле, жаз, тик, сат, айда, кара/

Ex 6. Уккула, кайталагыла, окугула жана эсиңерге туткула.
Listen, repeat, read and memorize.



1 – Чоң ата
2 – Чоң апа
3 – Ата
4 – ага (атамдын иниси)

5 – эже
6 – ага (атамдын агасы)
7 – карындаш

Ex 7. Уккула, кайталагыла, окугула жана эсиңерге туткула.
Listen, repeat, read and memorize.

1 – Тайэне
2 – Тайата
3 – кыз
4 – ага
5 – синди
6 – ини
7 – жээн
8– тайаке
9 – тайэже



Ex 8. Сүрөттү карап берилген суроолорго жооп бергиле.
Look at this picture and answer the questions.



1. Бул үй-бүлө чоңбу же кичинеби?
2. Үй-бүлөдө канча киши бар?
3. Чоң ата кайда отурат?
4. Чоң эне ким менен сүйлөшүп жатат?
5. Ата жана апа канча жашта?
6. Айша эмне кылып жатат?
7. Бул кандай үй-бүлө?

Ex 9. Туура окугула.
Read aloud.

Мына эне. Бул - Эрмек. Эрмек - **элпек** бала. Эрмек энесине жардам берет. Эне эс алат. Ал энесин жакшы көрөт.

элпек - kind

Ex 10. Модель боюнча суроо түзүп ага жооп бергиле.
Answer the questions following the model.

MODEL: - Айша кайсы жакта жашайт?
- Айша Кантта жашайт.

Самат	Бишкекте	жашайт?
Ата	Токмокто	
Апа	Нарында	
Эже	Таласта	
Жон	Америкада	
Эрмек	Ошто	
Марли	Канзаста	

Ex 11. Модель боюнча туура сүйлөм түзгүлө.
Make up sentences following the model.

a) MODEL: - ЫРЧЫ БИЙЛЕЙБИ?
- ЖОК, ЫРЧЫ ЫРДАЙТ.

Өтүкчү - өтүк ултарат
комузчу - комуз чертет
тигүүчү - кийим тигет
чек арачы - чек араны кайтарат
куруучу - үйлөрдү курат
сүрөтчү - сүрөт тартат

бийчи - бий бийлейт
айдоочу - машина айдайт
саанчы - уй саайт
доктур - адам дарылайт
жазуучу - китеп жазат
студент - институтта окуйт

б) MODEL: - Жондун атасы фирма___ ______ иштейт.
- Жондун атасы фирмада бизнесмен болуп иштейт.

Саматтын
атасы банк__ ________ ________
апасы мектеп__ _______ ________

Сапардын
атасы дүкөн__ ________ ________
апасы китеп__ ________ ______

Кевиндин
атасы завод_ ________ ________
апасы колледж_ _______ ________

Асандын
атасы базар_ ________ ________
апасы оорукана _______ ________

иштейт

Ex 12 Чекиттердин ордуна керектүү жөндөмөнүн мүчөсүн койгула.
Add in the appropriate endings.

MODEL: Айша институт____ окуйт.
Айша институтта окуйт.

Эрмек мектеп____
Самат лицей ____
Асан институт____
Марат университет_____
Майрам колледж______

окуйт

The Negative Participle эмес can be used after nouns, adjectives and adverbs.
бала - бала эмес, китеп - китеп эмес
кызыл - кызыл эмес, ак - ак эмес
жакшы - жакшы эмес, жаман - жаман эмес



- Бул досунбу?
- Жок досум эмес. байкем.
- Бул Асанбы?
- Жок Асан эмес, Улан.
- Бул эжеңби?
- Жок эжем эмес.

Ex 13. Суроолорго жооп бергиле.
Answer the questions.

- Бул байкеңби?
- ______________________________
- Бул мугалимби?
- ______________________________
- Сенин үйүң мектептен алыспы?
- ______________________________
- Бул базарбы?
- ______________________________
- Сенин үй-бүлөң чоңбу?
- ______________________________
- Бул шаарбы?
- ______________________________
- Бул сенин аялыңбы?
- ______________________________
- Бул эжеңби?
- ______________________________

- Бул институтпу?
- ______________________________
- Бул дарыканабы?
- ______________________________

Ex 14. Тексти окугула.
Read the text.

Жондун үй-бүлөсү.

Жон үй-бүлөсүн жакшы көрөт. Анын үй-бүлөсү алты кишиден турат. Бул Америкада абдан чоң үй-бүлө болуп эсептелет. Жондун тайэнеси иштебейт, ал алтымыш жашта. Тайатасы - пенсияда. Атасы фирмада иштейт, ал кырк беш жашта, апасы - мугалим. Жон жана Мэри - окуучулар. Жондун мышыгы бар, анын аты Тутси. Жон үй-бүлөсүн аябай сагынды.

Ex 15. Өзүндүн үй-бүлөң жөнүндө айтып бергиле.
Tell us/the class about your family.

a) Төмөндөгү сүйлөмдөрдү окуп, текст менен салыштырып туура түрүн жазгыла.
Correct the mistakes in these statements.

MODEL: - Жон үй-бүлөсүн жаман көрөт.
- Жок, ал туура эмес.
Жон үй-бүлөсүн жакшы көрөт.

1) Анын үй-бүлөсү кичине.

- ______________________________

2) Жондун тайэнеси иштейт.

- ______________________________

3) Жондун тайатасы фирмада иштейт.

- ______________________________

4) Жондун атасы иштебейт.

- ______________________________

5) Жон жана Мэри - жумушчулар.

Ex 16. Ангемени уланткыла.
Complete the text using the words in brackets.

Саматтын үй-бүлөсү.

Саматтын үй-бүлөсү чоң эмес. Бүгүн аялдардын майрамы. Бул күнү Самат атасы экоо чоң энени, апаны, Айшаны, куттуктады. ......
....

/Идиш-аяк жууду, пирожки жасады, үй жыйнады, татуу тамак бышырды/

Ex 17. Этиштерди колдонуп ангеме түзгүлө. Кашадагы сөздөрдү колдонгула.
Write a story using the verbs in brackets.

/Тамак жаса, телевизор көр, байпак түй(knit), жомок оку, жомок ук(fairy-tales)/

Ex 18. Сүрөт боюнча иштегиле.
Describe the people.



LET'S TALK

Ex 19. Диалогту түзгүлө.
Make up a dialogue.

a) You are a teacher from Colorado state in America. You are 28 years old, married and have two children. Your wife/husband is 30 years old, a doctor. Introduce yourself to someone and ask him/her some personal informatiom questions.

b) You are Marat/Chinara. You are married and have two children: a son and a daughter. Your son is 4, your daughter is 8, and your wife/husband is 30. Introduce yourself to someone, tell this person about yourself and ask him/her some personal infornation questions.

c) You are Asan. You are a teacher, 25 years old, not married. You are receiving a PCV, tell the PCV about yourself and learn as much as you can.

d) You are a foreign student from France, 20 years old. Introduce yourself to a Kyrgyz person (he/she) and ask he/she some questions.

e) You are visiting a PCV. He or she is asking you questions about your host family. Answer his or her questions and learn about his or her host family.

SELF LEARNING(to lesson 8)

Ex 1. Сүрөттөрдүн алдына жазгыла.
Below the pictures write who these people are.



Айша, Асан, эже, байке, ата, апа, чоң эне, чоң ата, тайаке, тайэже, карындаш

Ex 2. Таандык мүчөлөрдү туура жазгыла.
Fill in personal possessive endings.

Мен - ырчымын
мугалим____
окуучу_____
тергөөчү_____

Сен - ырчы_____
мугалим_____
окуучу____
тергөөчү_____

Сиз - ырчы____
мугалим_____
окуучу_____
тергөөчү_____

Ал - ырчы
мугалим
окуучу
тергөөчү

Ex 3. **а)** Диалогту ролдоп ойногула.
Read and act out the dialogue.

- Бул кимдин үй-бүлөсү?
- Бул Роберттин үй-бүлөсү.
- Анын үй-бүлөсү чоңбу же кичинеби?
- Анын үй-бүлөсү абдан чоң.
Анын үй-бүлөсү 11 кишиден турат.
- Алар кайда жашашат?
- Алар Калифорнияда жашашат. Роберттин атасы - бизнесмен, апасы – доктур.
Эки эгиз агасы - дүкөнчү, эки эжеси - тигүүчү, бир иниси - бийчи, эки карындашы - студент, эки карындашы - окуучу.

б) Диалог боюнча терс формада жооп бергиле.
Give the negative answer.

MODEL: - Бул Роберттин үй-бүлөсүбү?
- Жок, бул Роберттин үй-бүлөсү эмес.

- Роберттин үй-бүлөсү чоңбу?
- ____________________________
- Анын атасы бизнесменби?
- ____________________________
- Анын апасы доктурбу?
- ____________________________
- Анын агалары дүкөнчүлөрбү?
- ____________________________

Ex 4. Сүйлөмдөрдү туура түзгүлө.
Make up sentences with the following words.

MODEL: Жашайсыңбы, сен, айылда?
Сен айылда жашайсыңбы?

1. Чоң, үй-бүлөсү, бар, Асандын.
2. Иштейт, Самattтын, эжеси, бухгалтер, болуп.
3. Театрда, бийчи, ал.
4. Үй-бүлө, ынтымактуу, биздин, аябай.

Ex 5. Сүрөт боюнча суроолорго жооп бергиле.
Answer the questions and complete the dialogue about this family.



- Бул кимдин үй-бүлөсү?
- ______________________________
- Бул үй-бүлөдө канча киши бар?
- ______________________________
- Алар эмне кылып жатышат?
- ______________________________
- Креслонун жанында эмне жатат?
- ______________________________
- ______________________________
- ______________________________
- ______________________________

Ex 6. Төмөндөгү сөздөрдү колдонуп Асандын үй-бүлөсүн сүрөттөгүлө.
Describe Asan's family using the expressions and words below.

Апа, ата, чоң ата, чоң эне, карындаш, сүрөт, чоң, үй-бүлө, ынтымактуу, жашта, тилчи, окуучу, иштебейт, кичинекей, мугалим, жомок айтып берет, кооз, гүл, терезе, парта.

Ex 7. Текстти окугула, суроолорго жооп бергиле.
Read the text and answer the questions.

Үй-бүлө.

Биздин үй-бүлө чоң жана ынтымактуу. Биздин үй-бүлөдө алты киши бар: апам, атам, эжем, агам, карындашым жана мен. Чоң атам менен чоң апам айылда турушат. Тайатам менен тайэнем дагы айылда жашайт. Биз шаарда Асанбайда жашайбыз.

Атам - жазуучу, апам - мугалим, агам - заводдо жумушчу, эжем - студент, карындашым бала бакчага барат.

Чоң атам, чоң энем, тайатам, тайэнем иштебейт. Бирок менин тайакем белгилүү дарыгер. Ал көп кишилерди өлүмдөн алып калды.

Чоң майрамдарда биз баарыбыз чогулуп бирге болобуз. Ошол күндөрдү мен абдан жакшы көрөм.

белгилүү	- well known
дарыгер	- doctor
өлүм	- death

б) Сүйлөмдөрдү бүтүргүлө.
Complete the sentences.

1. Чоң атам менен чоң энем кыштакта ___________
2. Атам _________ болуп иштейт.
3. Менин тайакем белгилүү ____________
4. Биздин үй-бүлө ____________

в) Суроолорго жооп бергиле.
Answer the questions.

1. Силердин үй-бүлөдө канча киши ?
2. Чоң атаң, чоң энең барбы? Алар кайда жашашат?
3. Атаңдын кесиби ким?
4. Апаң мугалимби?
5. Апаң кайда иштейт?
6. Бала бакчага ким барат?
7. Сенин тайакеңдин кесиби ким?
8. Ким көп кишилерди өлүмдөн алып калды?
9. Силер качан чогулуп бирге болосуңар?



МАКАЛ - ЛАКАПТАР

Катын алганча -
отун ал.

Атаны сыйлаган абийир табат,
Энени сыйлаган элге жагат.

Элек сурап барып,
эрге тийип кетиптир.

Ex 8. Кроссвордту толтургула.
Fill in the crossword puzzle using the particle -**чу.**

DOWN
1. a person who sells
2. a person who drives
3. a person who herds cows
4. a person who sleeps much

ACROSS
5. a person who herds sheeps
6. a person who cooks.



МАКАЛ - ЛАКАПТАР

1. Үнкүр да болсо үйүм бар, айу да болсо чалым бар.
2. Кыздуу үйдө кыл жатпайт.
3. Балалуу үй - базар, баласыз үй - мазар.
4. Хандын сарайынын тардыгы ай, алачыгымдын кеңдиги ай.

ЖАҢЫЛМАЧТАР

Алым алманы көрүп
Кызыча баштады,
Анан алманы алам деп
Асылып кала таштады.

Билген сөздөрүңдү кроссворддон жазгыла.



ТЕМА; *ЕДА.* *MEALS.*

Тогузунчу сабак	Ninth lesson
9 (тогуз)	15 (nine)

YOU WILL LEARN :

- to identify the Kyrgyz national foods;

GRAMMAR :

CONVERSATIONAL PRACTICE.



EXERCISE. Listen to and act out the dialogues.

- Кайрат, бүгүн конокко кел.
- Конокко? Жөн элеби?
- Жөн эле, тамак ичип кет.
- Сөссүз келем.

- Апа, бүгүн үйгө конок келеби?
- Ооба, кошуналар келет.
- Кандай тамактарды даярдайбыз?
- Чучвара, манты, салат жасайбыз.
- Ай-ий, кандай жакшы.

- Келгиле, төргө өткүлө!
- Оо, дасторконуң берекелүү болуптур,
- Тамакка карагыла, чайдан ичкиле.

- Кечиресиз, кум шекерди жылдырып койуңузчу.
- Мына алыңыз.
- Сизге шекер салайынбы?
- Ооба, бир кашык.

- Мантыңар таттуу болуптур.
- Алыңыздар, дагы жеңиздер.
- Ой жок, тойдук.

- Айгул, кел тамак ич.
- Рахмат, мен токмун.

VOCABULARY	
конок	- guest
жөн эле	- just simple/plain
сөссүз	- of couse
төргө өткүлө	- come in please
дасторкон	- tablecloth
жылдыр	- move
тойдум	- I am full
токмун	
кашык	- spoon
конокко чакыр	- invite to the guest

1. PRACTICE

1. Listen, repeat, read and practice.

ТАМАКТАР





СУЮК(1st course)	КОЙУУ(2nd course)
Кесме	бешбармак
шорпо	манты
лагман	оромо
гүлчатай	палоо

ИЧКИЛИКТЕР
(alcohols)



арак
коньяк
вино
ликер
шампанское
пиво

СУУСУНДАР
(drinks)



ак суу
сок
лимонад
жарма
кымыз
бозо
айран
чалап

НАН

Тандыр
көмөч
калама
каттама



нан лепешка
нан бөлкө
булочка

2.GRAMMAR

The past habitual tense can describe a state or an activity, which lasts for a period of time in the past, or a repeated action in the past. The adverbs of frequency that are often used with this tense are: мурун, былтыр, ошол жылы

before last year that year

мурун	былтыр	ошол жылы
before	last year	that year

VERB + чу + Personal ending

EXAMPLE:

бар + **чу** + мун
бар + **чу** + сун
бар + **чу**

бар + **чу** + буз
бар + **чу** + лар
бар + ыш + **чу**

Ex 1. Төмөнкү сүйлөмдөрдү адат өткөн чактын мүчөсүн коюп бүтүргүлө.
Add past habitual tense endings to the words and complete the sentences.

1. Америкадан тамак өзүм жаса________
2. Ал мурун коноkко көп бар___________
3. Сен мурун конок көп чакыр____________
4. Биз былтыр ресторанга көп кир_______
5. Алар этти көп же_________

Ex 2. Адат өткөн чактын мүчөсүн койгула жана которгула.
Fill in past habitual tense endings and translate the sentences.

1. Ал мурун эт же______ эмес.
2. Сен былтыр коноkко бар___________ эмес.
3. Биз мурун ресторанга кир_________ эмес.
4. Мен мурун тамак жаса_________ эмесмин.
5. Силер былтыр конок чакыр__________ эмесмин.
6. Алар мурун торт көп жаса_________ эмес.

Ex 3. Туура окугула жана диалог түзгүлө, ойногула.
Read the expressions and use them to make-up a dialogue.

- **Тамак кандай экен?**

- **Тамак**	ачуу		*bitter*
	таттуу	экен	*tasty*
	дамдуу		*delicious*

- **Айран**	таттуу		*tasty*
	жакшы		*good*
	кою	экен	*thick*
	суюк		*watery*
	кычкыл		*sour*

- **нан**	жумшак	
	катуу	экен
	таттуу	

- **Чай**	ысык		*hot*
	муздак		*cold*
	кызыл	экен	*red*
	ак		*white*

- **Жарма**	суюк		*watery*
	кою	экен	*thick*
	муздак		*cold*

- **бозо**	жеңил		
	күчтүү		*sour*
	таттуу	экен	*tasty*
	кою		*thick*
	суюк		*watery*

Ex 4. Диалогду ролдоп окугула жана ойногула.
Read and act out the dialogue.

Айша: - Чарчадыңызбы, апа?
Апа : - Ооба, кызым, чарчадым.
Айша: - Келиңиз ысык чай ичиңиз.
Апа : - Оо ... сенин чайың абдан жакшы экен.
Айша: - Дагы бир чыны ичиңиз.
Апа : - Ичсе ичейин.

Ex 5. Диалогду уланткыла.
Complete the dialogue.



Апа : - Оо ... тентегим кайда жүрөсүң?
